*Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын*
*2012-жылдын 7-июнундагы*
*№17-11 токтому менен*
***бекитилди***

# Кесиптик бирлик кызматкеринин этика кодекси

## I. Жалпы жоболор

1.1. Ушул Кодекс кесиптик бирлик кызматкерлери үчүн этика ченемдери менен эрежелерин жана аларды сактабагандыгы үчүн таасир этүү чараларын белгилейт.

Ушул Кодекстин күчү Кесиптик бирликтер федерациясынын кесиптик бирликтеринин, алардын мүчө уюмдары менен водомстволук уюмдарынын кызматкерлерине жайылтылат.

1.2. Кесиптик бирлик кызматкерлеринин этика ченемдерин сактоолоруна көзөмөл Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясынын кеңешинин Этика маселелери боюнча комиссиясы (Этика боюнча комиссия) тарабынан ишке ашырылат.

1.3. Этика боюнча комиссиянын мүчөлөрү ККФК Президиумунун отурумунда кесиптик бирлик кызматкерлеринин ичинен 5 жылдык мөөнөткө шайланат.

1.4. Төрага Этика боюнча комиссиянын мүчөлөрү тарабынан шайланат. Кесиптик бирлик органынын жетекчиси, ошондой эле анын орун басарлары Комиссиянын курамына кирет, бирок бул Комиссиянын төрагалыгына шайлана албайт. Этика боюнча комиссиянын төрагасы менен мүчөлөрү Комиссиянын ишине катышуусуна байланыштуу, өз каалоосу менен жумуштан бошонуу, соттун чечиминин негизинде, башка жумушка которулгандыгынан улам кызматтан кеткен учурларды кошпогондо, ээлеген кызматтарынан Этика боюнча комиссиянын макулдугу жок кете алышпайт.

1.5. Этика боюнча комиссиянын төрагасы ККФК тарабынан түзүлгөн кесиптик органдын аттестациялык комиссиясынын мүчөсү болуп эсептелет.

1.6. Этика боюнча комиссиянын отуруму мүчөлөрдүн жарымынан көбү катышкан учурда гана мыйзамдуу укуктуу деп эсептелет. Этика боюнча комиссиянын мүчөлөрүнүн добуштары бирдей болуп чыккан учурда, төраганын добушу чечүүчү болот.

## II. Кесиптик бирлик кызматкерлеринин этикасынын негизги принциптери

2.1. Кесиптик бирлик кызматкеринин этикасы - бул кесиптик бирлик кызматкеринин жүрүм-турумунун эрежелерин белгилөөчү жана жөнгө салуучу ченемдердин системасы.

**2.2. Кесиптик бирлик кызматкери этиканын төмөнкү принциптерин сактоого тийиш:**

- өзүнө жүктөлгөн милдеттерин кесипкөй деңгээлде аткаруу, билим жана кесиптик деңгээлдерин жогорулатуу, жарандардын кесиптик бирликтерге ишениминин бекемдешине көмөктөшүү;

- «Кесиптик бирликтер жөнүндө» КР Мыйзамын, ККБФнын жана мүчө уюмдарынын Уставдарын сактоо, кесиптик бирликтердин кызыкчылыктарын, кызматкерлердин эмгектик укуктарын коргоо. Кесиптик бирлик кызматкеринин ишмердүүлүгү өзүнө ишенип берген жумуштун бөлүгүнө жоопкерчиликтүү мамиле кылуу менен, кесиптик бирлик кыймылын өнүктүрүүгө багытталышы керек, кесиптештерине же жетекчиликке моралдык зыян, ошондой эле Кесиптик бирликтер федарциясынын беделине шек келтириши мүмкүн болгон иш-аракеттерди аткаруудан баш тартышы керек.

- **өзүнүн функционалдык милдеттерин аткарган учурда, жетекчилик, кесиптештери, кол алдындагы кызматкерлер жана жарандар менен мамиле курууда коомдо кабыл алынган жүрүм-турум эрежелерин бузбоо;**

- **<u>сылык, сыпайы, сабырдуу, принциптүү болуу</u>, маселени түбүнө баруу менен чечүүгө умтулуу, <u>маектешин угууга жана анын позициясын түшүнүүгө</u>, ошондой эле кабыл алган чечимдерин салмактап чыгууга жана далилдөөгө аракет кылуу, <u>чыр-чатакка жол бербөө</u>, пикир келишпестиктерди талкуу жолу менен чечүүгө умтулуу;**

- **башка кесиптик бирлик кызматкерлери тарабынан этика ченемдерин бузуу фактыларына көз жумбоо;**

- кол алдында иштеген кызматкерди укукка каршы чечимдерди кабыл алууга же мыйзамсыз иш-аракеттерди аткарууга мажбурлабоо;

- башкалар менен өзүнүн жетекчисинин иш-аракеттерин талкуулабоо, **чагымчыл иш-аракеттер менен алектенбөө**;

- кызматтык маалыматты жана кызматтык абалын керт башынын пайдасына жана туугандарынын кызыкчылыгында, ошондой эле пайда табуу максатында колдонбоо;

- кесиптик бирлик уюмунун жана анын органдарынын токтомдорун, чечимдерин ак ниеттүү жана милдеттүү түрдө аткаруу;

- **кызматкерлер менен өз ара аракеттешүүдө** кесипкөйлүктүн, адилеттүүлүктүн, ак **<u>ниеттүүлүктүн үлгүсү болуу</u>, натыйжалуу иш аткаруу үчүн жагымдуу моралдык-психологиялык чөйрөнү жаратууга көмөктөшүү**;

- кесиптик бирлик кызматкери жалпыга маалымдоо каражаттары менен өз ара аракеттешүүдө кесиптик уюмдун же анын органдарынын пикирлерин жеткирүүгө ыйгарым укук берилген учурда гана алардын атынан чыгып сүйлөй алат;

- кесиптик бирлик кызматкери кесиптик бирлик уюмунун жана анын органдарынын ишмердүүлүгүнө объективдүү баа берүү укугуна ээ. Айта турган сөздөрү так, салмактуу жана фактыларга негизделген болушу керек.

2.3. **Этиканы сактоо ар бир кесиптик бирлик кызматкери үчүн кызматтык милдет болуп саналат жана анын функционалдык милдеттеринде белгиленет**.

## III. Кесиптик бирлик кызматкеринин этикасына байланышкан чектөөлөр

**Кесиптик бирлик кызматкеринин төмөнкүлөргө укугу жок**:

3.1. Өзүнө берилген ыйгарым укуктарга байланыштуу аракеттери же аракетсиздиги үчүн жеке жана юридикалык жактардан белек, акча жана кызмат түрүндөгү сыйлыктарды алууга;

3.2. Кызматы өзүнүн жакын туугандык байланыштары бар кишилерге (ата-энеси, аялы/күйөөсү, бир тууган ага/инилери жана эже/карындаштары, балдары) түздөн-түз баш ийүү же алардын көзөмөлүндө болуу менен байланыштуу болгон кесиптик бирлик органдарында кесиптик бирлик кызматын аркалоого;

## IV. Ушул Кодекске ылайык, кесиптик бирлик кызматкери өзүнүн милдеттерин аткарган учурда төмөнкүлөргө милдеттүү:

4.1. Ишинде кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол бербөө, макулдашылбаган жана аткарылбай турган милдеттенмелерди жана убадаларды бербөө;

4.2. Өзүнө белгилүү болгон Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуу, кесиптик бирлик бюджетин жана социалдык камсыздандырууну максатсыз колдонуу фактылары тууралуу тийиштүү кесиптик бирлик органдарына билдирүү;

4.3. **Жалпы кабыл алган моралдык-этикалык ченемдерди сактоо,** элдердин каада-салттары менен үрп-адаттарына сый мамиледе болуу;

4.4. Ээлеген кызматы менен абалына карабастан, башка кызмат адамдарын кошкондо, кимдир-бирөөнүн өзүнүн кызматтык ишине мыйзамсыз таасир этүүсүнө жол бербөө.

4.5. **Кесиптик бирлик этикасынын ченемдери менен эрежелерин сактоо**.

Кесиптик бирлик кызматкеринин өзүнүн ишмердүүлүгүнүн натыйжасында кесиптик бирликтин, башка жарандын же жалпы эле коомдун ишине жеке кызыкчылыгы болгон абал кызыкчылыктардын кагылышуусу катары сыпатталат.

Эгер кесиптик бирлик кызматкери түздөн-түз баш ийген жетекчиси же үчүнчү жактар тарабынан укукка каршы чечим кабыл алууга жана кызыкчылыктардын кагылышуусуна багытталган кысымга кабылса, анда ал бул тууралуу жогоруда турган кесиптик бирлик органына дароо билдириши керек.

## V. ККФ кеңешинин, анын Президиумунун жана убактылуу комиссиялардын отурумдарындагы этика эрежелери

5.1. Өзү мүчө болгон ККФ кеңешинин, анын Президиумунун жана убактылуу комиссиялардын отурумдарына катышууга милдеттүү. Отурумдарга катышпай коюуга жүйөлүү себептер боюнча гана жол берилет.

**5.2. ККФ кеңешинин жана Президиумунун мүчөлөрүнүн отурумду үзгүлтүккө учуратууга багытталган жекече же жамааттык аракеттерине жол берилбейт: жүйөлүү деп табылбаган себептер боюнча отурум залынан чыгып кетүү, төрага сөз кезегин бербеген учурда чыгып сүйлөө, талкууга алынбаган маселе боюнча чыгып сүйлөө, кайкыруу, отурумдун төрагасы сөз берген кишилердин сөзүн бөлүү, чыгып сүйлөгөндөргө тоскоол болуу, аларга**

**комментарийлерди берүү жана ушул Кодекске туура келбеген башка аракеттер.**

5.3. **ККФ кеңешинин, анын Президиумунун жана убактылуу комиссиялардын отурумдарына төрагалык кылган кишиге, кесиптик бирликтин башка кызматкерлерине жана отурумга катышкан башка кишилерге карата сый-урматын, адептүүлүгүн, сылыктыгын көрсөтүшү керек. Чыгып сүйлөөлөрдүн регламентин сактоого, орой жана кемсинтүүчү, уят жана богооз сөздөрдү колдонбоого, кимдир-бирөөгө карата негизсиз айыптоолорго жол бербөөгө, жалган маалыматтарды бербөөгө, мыйзамсыз аракеттерге чакырбоого милдеттүү**.

5.4. ККФ кеңешинин жана Президиумунун отурумдарынын жүрүшүндө мобилдик байланыш каражаттарын колдонууга тыюу салынат.

## VI. Кесиптик этиканын ченемдери менен эрежелерин сактабагандыгы үчүн жоопкерчилик

6.1. Кесиптик бирлик кызматкеринин кесиптик бирлик этикасынын ченемдери менен эрежелерин сактоосу анын жеке жана кесиптик-иштиктүү сапаттарына ар тараптуу жана объективдүү баа берүү үчүн маанилүү элемент болуп саналат.

6.2. Кесиптик бирлик кызматкери тарабынан ушул Кодексте белгиленген ченемдердин жана эрежелердин бузулушу Этика боюнча комиссиянын мүчөлөрүнүн демилгесинин, же болбосо Комиссияга кесиптик бирлик кызматкеринин кызматтык жоруктарды жасагандыгы жөнүндө келип түшкөн жазуу жүзүндөгү даттануунун негизинде Этика боюнча комиссиянын отурумунда каралып чыгат. Комиссия келип түшкөн даттануу боюнча жоопту 30 календарлык күндүн ичинде бериши керек.

## VII. Кесиптик бирлик органынын Этика боюнча комиссиясынын укуктары:

7.1. Кызматтык текшерүү жүрүп жаткан кесиптик бирлик кызматкеринен этикага туура келбеген иш-аракетинин жагдайлары тууралуу жазуу жүзүндө түшүндүрмө берүүсүн талап кылуу.

7.2. Кесиптик бирлик кызматкеринин жазуу жүзүндө түшүндүрмө берүүдөн баш тартуусу текшерүүнү жүргүзүүгө тоскоол болбойт. Комиссия тарабынан түшүндүрмө берүүдөн баш тартуусу боюнча акт түзүлөт.

7.3. Кесиптик бирлик кызматкери жасаган жоруктун жагдайларын объективдүү, ар тараптуу изилдөөгө багытталган иш-аракеттерди аткаруу.

7.4. Кесиптик бирлик органынын жетекчисине кесиптик бирлик кызматкерлеринин этикасына жана көрүлө турган чараларга байланыштуу маселелер боюнча сунуштарды жана рекомендацияларды берүү.

7.5. Кесиптик бирлик кызматкеринин кесиптик этикасынын ченемдерин жана эрежелерин иштеп чыгуу жана аларды ККФ кеңешине бекитүүгө киргизүү.

## VIII. Этика боюнча комиссия ушул Кодексти бузган кесиптик бирлик кызматкерине төмөнкүдөй таасир этүү чараларын колдонууга укуктуу:

8.1. Кесиптик бирлик кызматкерине эл алдында кечирим суроосун сунуш кылуу.

8.2. Кесиптик бирлик кызматкерине этиканын ченемдерин жана эрежелерин бузуу учурун жоюусун жана алдыда мындай бузууларга жол бербөөсүн сунуш кылуу.

8.3. Кээ бир учурларда кесиптик бирлик кызматкеринин этиканы бузушу Комиссиянын кароосуна жеткирбестен, эмгек жамаатынын ичинде каралышы мүмкүн.

8.4. Кесиптик бирлик кызматкери этиканын ченемдерин жана эрежелерин кайталап бузган учурда, Комиссия маселенин ККФ кеңешинин жана Президиумунун отурумдарында карап чыгууга киргизүүгө укуктуу.

8.5. Кесиптик бирлик кызматкеринин жүрүм-турумун этикага туура келбейт деп табуу.

## IX. Төмөнкү учурларда текшерүү токтотулат же жүргүзүлбөйт:

9.1. Кесиптик бирлик кызматкери жасаган жоругун чын жүрөктөн моюнга алганда;

9.2. Эгер жасалган жорукта жазык кылмышынын курамынын белгилери аныкталып чыкса.

Кесиптик бирлик кызматкери айыптоо менен макул болбосо, анда ал Комиссиянын чечимин ККФ кеңешине же Президиумга даттанууга укуктуу.

Комиссиянын болушу кесиптик бирлик органдарынын жетекчилерине ишенилип тапшырылган органдагы этикалык жүрүм-турумдарды камсыздоо үчүн жоопкерчиликтен четтөөсүнө жол бербеши керек. Этикалык талаптарды сактоо – баарынын жана ар бир кишинин милдети.